DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Жунусалиева К.Т., Жоробекова Б.С.*

## ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ПРОТОТИПТЕР ЖАНА АЛАРДЫН КӨРКӨМ ЧЫГАРМАДА СҮРӨТТӨЛҮШҮ

*Жунусалиева К.Т., Жоробекова Б.С.*

## ПРОТОТИП В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВА И ИХ ИЗОБРАЖЕНИЕ В ХУДОЖЕСТВЕННЫХ ПРОИЗВЕДЕНИЯХ

*K. Zhunusalieva, B. Zhorobekova*

## THE PROTOTYPE IN THE WORKS OF CHYNGYZ AITMATOV AND THEIR IMAGE IN WORKS OF ART

*УДК: 894.341-09 (043.3)*

*Прототип - чыгарманын жаралышы үчүн негиз болгон, турмушта жашаган каарман. Кээ бир чыгармаларды жазууда авторлор чыныгы турмушта жашап өткөн реалдуу адамдардын өмүр жолун өз чыгармасына негиз кылып алат. Кээде анын атын өзгөртүп, кээде өзгөртпөйт. Албетте, жазуучу прототибинин өзүн гана жазып койбой, чыгарманын максатына, окуянын жүрүшүнө ылайык кайра иштеп чыгып, кайсы бир личносттордун өмүр-таржымалы менен, автордун турмуштук тажрыйбасы менен толукталат. Ч.Айтматовдун «Эрте келген турналар» повестиндеги Иңкамал апай-мугалим Менкамал Жолоеванын, «Бетме-беттеги Мырзакул Мырзабайдын, Ысмайыл айылдашы Ысмайылдын «Жамийладагы» Жамийла-Асия Дубанаеванын, «Эрте жаздагы турналар» повестиндеги Мырзагүл Айтматовдун классташы Асылкандын прототиптери экендиги айтылып жүрөт. Макалада жазуучунун чыгармалардагы прототиптердин жашоодогу орду жана көркөм чыгармада кандай көркөм образ жарата алгандыгы тууралуу сөз болуп, чечмеленип, айрым бир фактылар менен берилет.*

***Негизги сөздөр:** аялзат, чыгарма, көркөм чыгарма, көркөм тасма, актриса, образ.*

*Прототип-реальное лицо,представление о котором послужили автору основной для создания литературного характера, типа. В одних случаях писатель обобщает, как бы «спрессосвывает в литературном типе черты,рассеянные в массе людейопределенного социального слоя. С помощью художественного вымысла пиатель,даже отталкиваяь от прототипа, создает не копии реально живших людей, а художественные образы,обладающие силой обобщения и несущие в себе авторскую оценку. Мырзакула, в повести «Жамиля» прототипом Жамили является Асия Дубанаева, одноклассница Ч.Айтматова Асылкан есть прототип Мырзагүл из повести «Ранние журавли». Безусловно, чтобы добиться цели произведения, писатель не ограничивался только лияностью, но и пополнял образ своим жизненным опытом. В сатье обсуждается роль прототипов в жизни и то, как они могут создать образ в произведении искусства, с некоторыми фактами.*

***Ключевые слова:** женщина, произведение, художественное произведение, художественный фильм, актриса, образ.*

*The prototype is a real person, the idea of which was the main idea for the author to create a literary character, type. In some cases, the writer generalizes, as it were, «compresses in a literary type the features scattered in the mass of people of a certain social stratum. With the help of artistic fiction, the writer, even pushing away from the prototype, creates not copies of people who actually lived, but artistic images that have the power of generalization and carry the author's assessment. Myrzakul, in the story «Zhamilya» the prototype of Zhamilya is Asiya Dubanaeva, the classmate of Ch.Aitmatov Asylkan is the prototype of Myrzagul from the story «Early Cranes». Of course, in order to achieve the goal of the work, the writer did not confine himself only to the likeness, but also replenished the image with his life experience. This article discusses the role of prototypes in life and how they can create an image in a work of art, with some facts.*

***Key words:** woman, work, artwork, feature film, actress, image.*

Жеке эле кыргыз адабияты эмес, дүйнөлүк искусствого салымын кошкон улуу жазуучу Ч.Айтматов чыгармачылык өнөрканасынан жаралган чыгармалары менен дүйнө элине таанылып отурат. Мындай касиет чыныгы чоң искусствого таандык экендигин белгилеп, белгилүү адабиятчы, профессор А.Садыков «Ч.Айтматовдун калемине таандык өзгөчөлүктөрдүн бири анын чыгармаларында өтө маанилүү социалдык жана нравалык проблемалар көтөрүлүп, психологизм менен драматизм чегине жеткириле иштелет» - деп айтылганында эмеспи. Кандай өңүттөн карасаң да, анын чыгармалары маанилүү, таасирдүү келет. Кечээкини бүгүнкүдөй көркөмдөп, эртеңкини да көркөмдөп баяндап бергендигинде. Ар бир чыгармасын үңүлө окуп, баалай билсе, окурмандар үчүн жазуучунун устаканасынан жаралган көркөм боектор таасын көрүнөт. Айтылгандай Айтматов академиясы да уюшулуп, Айтматов таануу илими колго алынып, жазуучунун балалык өмүр жолунан тартып, чыгармачылык ишмердүүлүгү, чыгармалары талдоонун, анализдөөнүн, аңдоонун чордону болуп турганы турган.

Сүрөтчүнүн өнөрканасында көркөм боектордун аралашмасы, бири-бири менен куюлуштуруу манерасы кандайдыр бир образды жаратып, көрөрмандардын табитине жагып, таасирлентип, ойдо бекем сакталып, сырдуу түстөрү менен арбап алат. Ал эми жазуучунун мазмундуу жана таасирлүү болуусуна шарт боло алган табиятынан таланты, жазуучунун рухий таланты, турмушту таанып-билүүсү, дүйнө таанымы, көз карашы, каккан жүрөгү аркылуу сыдырылып өтүп калемдин учуна келип калемдин сыясы менен

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



чиймеленип жаралат. Көркөм боекторго толгон чыгарма окурмандардын купулуна толот. «...адабияттын өлбөс-өчпөс салттарына таянып, азыркы кездеги заманбап ой жорумун иштеп чыгууда турат. Бул адамдын ыймандык көйгөйүндө ага арка-жөлөк болуп, анын турмушунун күзгүсу жана жаңы шарткырдаалда өзүн аңдап билүүнүн каражаты болууга чакырылган адабияттын милдетинен да келип чыгат. Өз алдына мындай милдетти койбогон адабият, менимче, доордун кан жолунан окчун турат» [1].

Мындай чыгармалар Ч.Айтматовдун да калемине таандык.

Ч.Айтматовдун каармандары тарыхый инсандар эмес, карапайым адамдар,алар биздин арабызда жүрүп эле адамдык намысты ыйык туткан бийик адамдык сапаттары менен, адамдык касиеттерин көрсөткөн инсандар. Жазуучу кандайдыр бир деңгээлде өзүлөрүн дүйнөгө тааныткан каармандарды жаратты.

Ч.Айтматовдун негизги чыгармалары совет мезгилинде жаралса да, алар бүгүнкү күндө актуалдуулугун жоготпой маанилүү. Анын негизги өзгөчөлүгү кечээкини гана көрсөтүү эмес,элибиздин эртеңкисин көрө билгендигинде.Маселен, «Гүлсарат» чыгармасын алсак жылкы тууралуу маалымат алсак, барабара коммунисттик доордун портретин көрдүк.

Ч.Айтматов «Эрте келген турналар», «Бетмебет», «Жамийла», «Саманчынын жолу» дээрлик согуш темасына арналган. Бирок ал согуштун жексурлугун согуш талаасындагы кырчылдашкан салгылашуу менен эмес, бир октун үнү угулбаган адамдын гана трагедиясы аркылуу көркөм айтып берген Толгонайдын эненин монологу аркылуу бере алган.

Айтматовдун ар бир чыгармасында өмүрдүн кереметтигин даңазалоо менен бирге: «Адамдар адамдыктан кетпегиле» – деп, көр дүйнөдөн жан дүйнөнүн бийик экендигин айтып,маңкурт болуудан сактап калууга чакырык салып тургандай.

Айтматовдун чыгармалары асыресе, жазуучунун балалык күнүнөн тартып топтолгон ой туюмдарынын, акыл-чабытынан, көргөн турмушунан, баарлашкан адамдардын элесинен жаралганы далил.

Көркөм чыгарманын жаралышына көркөм образдардын туура тандалышы, аны ачып берүүсү жазуучунун мыкты чеберчилигин далилдейт. Ч.Айтматовдун каармандарынын көбү жөнөкөй, кадимки биз маани бербеген каармандар. Анан калса, оң каармандардын тобун түзөт. Бири орукта калып баласын күтсө, бири эрин күтөт. Же караңгыда жанын калкалап, далбас урган ууру болсо, же келечекке үмүт алган окуучу болсо, ак-караны айра көзөй айтып, бетме-бет келгени болсо дагы жазуучунун каармандары руханий адептиктин касиетин алып жүргөн, мурасын сактаган, адамдын адамдык даражасын көтөргөн, атагын арттырган, омоктуу ойлорун айта билген, жүрөктүн түпкүрүндө назик махабатты ала жүргөн, ага бек тура алган, кайраттуу, күчтүү, акылман, кеңешчи, сабырдуу, чыдамкай дагы ушундай сыяктуу мүнөздөрдү каармандардан көрөбүз.

Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын образдары да коомдун жүзүн чагылдырган кадимки жашоодо жашаган прототиптер.

Прототип деген чыгарманын жаралышы үчүн негиз болгон, турмушта жашаган каарман. Кээ бир чыгармаларды жазууда авторлор чыныгы турмушта жашап өткөн реалдуу адамдардын өмүр жолун өз чыгармасына негиз кылып алат. Кээде анын атын өзгөртүп, кээде өзгөртпөйт. Албетте, жазуучу прототибинин өзүн гана жазып койбой, чыгарманын максатына, окуянын жүрүшүнө ылайык кайра иштеп чыгып, кайсы бир личносттордун өмүр-таржымалы менен, автордун турмуштук тажрыйбасы менен толукталат.

Айтматовдун чыгармаларынын протоптиптерге фронттон качып келген Ысмайыл башбаккан неме караңгыда бирөөнү аңдыгандай үңүлүп, теректердин шуулдаганын бир топко козголбой шектүү тыңшап турду. Жалбырактардын бири дирилдеп учуп келип, муздак алакандай беттен сылап өттү эле, ал ичиркенгендей чоочуп кетти, күңүрт вагондун ичин кылчайып жалт карады да, кайра сыртка баш бакты: эшалон боюнча эч ким көрүнбөйт; айлана-тегерек караңгы. Мылтыкчан акырын вагондон секирип түштү да, шырп алдырбай арыктын кашатындагы бадалга жетип далдаланып, боортоктоп жата калды. Аңгыча: «Чур-р-р» – этип ышкырык чыкты. Мылтыкчан киши тура жүгүрмөк болуп, ынтылап барып токтоду. Башын көтөрбөй тым болду: дежурный ышкырык берип, эшелонду жөнөткөнүн түшүндү окшойт. Мемиреп тынчый түшкөн вагондор бирин-бири ойготкондой силкинишип, поезд ордунан козголду [2].

Чындыгында эле Ысмайыл укканыбызга караганда бир нече жыл мурун каза болгон. Айылдаштарынын айтуусуна караганда жанын сактап, согушка барбай качып жүргөндүгү тууралуу, башкача айтканда айылдан чыккан дезертир деп

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



айтышып калганын угуп, эскерүүлөрүнөн окугандыгыбыз анык.

Согушта жоокерлердин баарынын колунда бир гана беш атар мылтык болгон. Душманда болсо баары бар, танка, пулемёт, замбиректер менен куралданышкан. Командирлер аларды түз эле өлүмгө айдайт. «Ушинтип бөөдө өлүп калгандан көрө» деп беш киши, бирөөсү казак, төртөөсү кыргыз, биригип алып качканбыз дейт. Келгенден кийин кылган уурулуктарын да айтып берген. Келгенден кийин кылган уурулуктарын да айтып берген. Ал өзү үчүн гана уурулук кылбай ачкадан өлөйүн деп калган жетим-жесирлерге мал уурдап эт алып келип берип, алардын өмүрүн сактап калган экен. Бирин-эки мал уурдабай үйүрү менен уурдап келип, элге таратып, өзүнө бир-эки мал алчу экен [3].

Сүрөткер повести жазылганда адабиятчы,сынчы К.Асаналиевге телефон чалып, иштин чоо-жайын түшүндүрүп, жолугушмакчы болушат.Ошол мезгилде экөө тен Москвада эле,эки саат тынбай шатыратып окуп бердим, - дейт [4].

– Бир оокумда чын эле ошол Ысмайыл барбы?-дебеспи.

– Ооба ал дагы эле тирүү дедим. Согуш бүткөн малда кесилип, 50-жылдары келди.

«Ооба согуштан качтым, он жыл түрмөдө жаттым, эн негизгиси аман калдым» - дейт экен. Жазуучу чыгармаларында прототиптерди чыгармасында башка ат менен берсе, «Бетме-бет» чыгармасында Ысмайыл деген атты өзгөрүүсүз турмуштагы Ысмайылдын өзүн берген.

Автор эскерет: «Мен үчүн ал киши абдан жандуу, элестүү, сөөлөт эле, ошондуктан анын ысмын башкача атабоону туура көрдүм» дейт. Ысмайылдын айтуусу боюнча, согушка барганда эч кандай даярдыгы жок колдоруна мылтык карматып, немистердин алдына тизишип, танкаларды көргөндө эле качтык дейт. Кайык, поезд менен менен келип, айылдын четиндеги үңкүргө жашынган экен. Ал эми Ысмайыл курбуларына: жазуучуга ыраазымын, үкөмдүн арты менен Шекер айылы эмес, дүйнөгө таанытты деп сыймыктануу менен айтчу дешет.

«Жамийла» повестинин алгачкы аты «Обон» деген ат менен чыккан. Чындыгында бул обон Жамийла менен Даниярдын ички сезимдерин билдирген обондор эле. Жазуучунун бул чыгарманын жазып калышына ошол мезгилде коомдо, үй-бүлөдө айтылбаган мыйзамдар болгон. Бирок ошого туура келбеген көрүнүштөр чыгарманы жазууга себепчи болгон.

Чыңгыз Айтматовдун «Жамийла» повести кыргыз адабиятчылары Кеңешбек Асаналиевдин сөзү менен айтканда «чыгармачылык бешенесин ачкан жаш кезинин шедеври, колго бир тийген асыл заты», Камбараалы Бобуловдун айтуусунда «сүйгүнчүктүү чыгармасы, көкүрөк баласы, айдыңдуу талаада эч кимден тартынбай бардык үнүн созуп ырдаган жаштык ыры» [5].

Каармандардын прототиптери да бар**.** Бул тууралуу жазуучунун «Балалыгым» деген баянында мындай деп айтканын окуйбуз: «Алысыраак туугандарыбыздын эки уулу тең фронтко кеткен. Алардын улуусу аскерге алынардан мурда жаңы эле үйлөнгөн. Анда согуш башталганы калган экен. Ал жашына карабай армиянын катарына чакырылган. Чыгармадагы Жамийланын күйөөсүнүн турмуштук негизи – прототиби мына ошол жигит эле. Кийин бул эки бир тууган фронттон кайтпай калды. Жамийланын прототиби болсо өтө шайыр, ийкемдүү жаш келин эле. Ал Шекерден эмес, коңшу айыл көксайлык. Даниярдын прототиби эвакуациялангандардын бирөө болучу. Жаңылбасам, Казакстанда төрөлгөн, балдар үйүндө чоңойгон адам эле. Ал узун бойлуу, олбурлуу, көп сүйлөбөгөн, түнт жигит болчу. Бир топ согуш жарадарлары менен бирге Шекерге жиберилиптир. Баарынын эле согуштан алган жараттары жеңил болбогону менен эптеп жумуш кылса болот эле. Даниярды «өкмөттүн баласы» дешчү. Сол буту менен аксап басчу». Андан ары жазуучу – бала Сейиттин прототиби алар качып кеткенден кийин артынан кууп барып, экөөнү станциядан таап алганын, кол кармашып кетип баратышканын, аларга жолугуп сүйлөшкөнүн, Карагыз энесинин эмне айтканын, алардын берген жообун да жазат [6].

Ал эми «Саманчынын жолу» повестиндеги Толгонайдын тагдыры да кызыктуу.Бул образ көнүлдүн түпкүрүндөгү образ. Реалдуу Толгонай Жийде айылында жашап, анын Суванбек деген уулу,эки кызы болгон. Келининин аты Асел (Алимандын прототиби) эле, ал Толгонайга бир кыз, бир уул небере төрөп берген. Суванбек колхоздун председатели болуп иштечү. Өзүнүн ак ниеттүүлүгү, жоопкерчилиги, иш билгилиги менен ал айылдаштарынын арасында кадыр-барктуу эле. Ага фронтко чакыруу кагазы келгенде, колхоздун ишин ойлоп катуу бушайман болгон. Өзүнүн ордуна колхоздун ишин бүлгүнгө учуратпай алып кете турган талапкер издейт. Айрыкча, бухгалтердин кызматына

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



санааркаптыр. Бул ишке ага чынчыл, сабаттуу, өз ишин мыкты билген киши керек болгон экен... Бирөө бул кызматка – Нагима Айтматованы сунуштаптыр. Ошондо Нагима апа иштеген Киров айылына келип, таанышып, аны өзүнүн колхозуна бухгалтер болуп иштеп берүүгө көндүрүптүр. Ошентип, Жийде айылына барып калышат.. Биз куржун сымал курулган (ошол кезде мода болгон) Толгонайдын үйүндө туруп жашап калышат.

«Эсимде Толгонайдын бөлмөсүндөгү туш кийизде эң сыйлуу орунда жоокер баш кийими илинип турганы калыптыр. Анда анын бул аялга канчалык кымбат экенин кайдан билейин!.. Балким, турмушта да дал ошол «Саманчынын жолундагыдай» эле болгондур. Суванбек эстеликке поездден өзүнүн баш кийимин ыргытып кеткендир... Толгонайдын бирдемеге катуу күйүп, өксүп ыйлаганын эстейм. Апабыз аны сооротууга аракет жасаганы менен, тиги муңканганын койгон эмес. Ошол анын темир жолдо уулу менен кезигише албай калган учуру болсо керек... Андан соң Толгонайдын биринчи трагедиясына күбө болдук, жанындай көргөн уул небереси чарчап калды (ал менден бир же эки жашка кичүү болчу). Орду толгус жоготуу болгон» - дейт Р.Айтматова «Тарыхтын актай барактары» китебинде [7].

Ч.Айтматовдун чыгармаларынын ичине камтылган каармандардын үлгү болуучу сапаттары улуттук баалуулуктар, инсандык сапаттар, тарбиялык каражаттар улуттук аң-сезимдүүлүккө, гумандуулукка, патриоттуулукка, сабырдуулукка, адамгерчиликтин баалуу каражаттарына, сезимталдуулукка, боорукердикке тарбиялайт.

Чыңгыз Айтматов улуу сүрөткер катары көпчүлүк баамдай билбеген жагдайда жөнөкөй адамдагы улуу сапаттарды таба билген, анын айрым адабий каармандары кандайдыр бир дэңгээлде тарыхый каармандай таасирге ээ,башкача айтканда, Айтматов айылдык карапайым кыргыздардан дүйнө тааныган кыргыздарды жаратты десек жанылышпайбыз.

**Адабияттар:**

1. Айтматов Ч. Балалык. - Б., 2014
2. Кабылбекова С. «Кыргыз гезиттер айылы», 2012.
3. Айтматов Ч. 1 том. - Ф., 1982.
4. Култаева У.Турмуш чындыгы жана көркөм образ. - Б., 1998.
5. Айтматова Р. «Тарыхтын актай барактары». - Б., 2018.
6. Жунусалиева К.Т. Образы женщин в художественных произведениях и в художественных фильмах (на примере произведений Чынгыза Айтматова). / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2018. №. 10. С. 82-85.
7. Жунусалиева К.Т., Жоробекова Б.С., Алымкулова К.К. Художественная проработка изображения боевого образа персонажей в произведениях Чынгыза Айтматова. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 5. С. 133-136.